*Сыргабаев С.Б.*

# МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮКТҮ ЖАНА ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮКТҮ ЧЫҢДООДОГУ КЫРГЫЗСТАНДЫК ЖАШТАРДЫН КӨРӨҢГӨСҮ

*Сыргабаев С.Б.*

# ПОТЕНЦИАЛ КЫРГЫЗСТАНСКОЙ МОЛОДЕЖИ В УКРЕПЛЕНИИ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ И ГРАЖДАНСКОЙ ИДЕНТИЧНОСТИ

*S.B. Syrgabaev*

# THE POTENTIAL OF THE KYRGYZ YOUTH IN STRENGTHENING STATEHOOD AND CIVIC IDENTITY

*УДК: 316.346.32-053.6*

*Бул макалада учурдун орчундуу талаптарынын бири - мамлекеттүүлүктү жана жарандуулукту чыңдоо маселелери каралган. Автор, заманбап кыргызстандык жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрүн социологиялык өңүттө талдоого алып, мамлекеттүүлүктү бекемдөө процессинде постсоветтик жаш муундун олуттуу көрөңгөсү бар экендиги тууралуу бүтүмүн чыгарган.*

***Негизги сөздөр:*** *мамлекеттүүлүк, жарандык иденттүүлүк, кыргызстандык жаштар, постсоветтик муун, келечек.*

*В настоящей статье рассматривается один из серьезных вызовов современного периода – проблемы укрепления государственности и гражданственности. Автор, проанализировав специфику гражданской идентичности кыргызстанской молодежи в социологическом ракурсе, делает вывод о том, что постсоветское молодое поколение обладает существенным потенциалом в процессе укрепления государственности.*

***Ключевые понятия:*** *государственность, гражданская идентичность, кыргызстанская молодежь, постсоветское поколение, будущее.*

*This article discusses one of the greatest challenges of the modern period - the problem of strengthening of statehood and citizenship. The author, after analyzing the specifics of the civil identity of the Kyrgyz Youth in the sociological perspective, concludes that the post-Soviet younger generation has a significant potential in the process of nation-building.*

***Key concepts:*** *statehood, civil identity, Kyrgyzstani youth, post-Soviet generation, the future.*

***Мамлекеттүүлүк жана жаштар.*** Эгемен мамлекеттүүлүктү түптөө ишинде Кыргызстан замандын тобокелдиктерине жана чакырыктарына жетишерлик деңгээлде жооп кайтара албай жаткандыгын моюнга алуу абзел. Маселен, коомдук өнүгүүнүн ар кыл тараптарын камтыган 51 эл аралык рейтингдердин ичинен 31индеги Кыргызстандын бүгүнкү абалы “начар” жана “өтө начар” деп мүнөздөлөт: “Адамдын өнүгүү индекси” – 187 өлкөнүн ичинен 125-орун; “Коррупция индекси” – 177 өлкөнүн ичинен 136-орун; “Атаандаштыктын глобалдык индекси” (BCG) – 144 өлкөнүн ичинен 108-орун; “Инновациялардын глобалдык индекси” – 110 өлкөнүн ичинен 81-орун; “Укуктук тартип индекси” (World Justice Project) – 99 мамлекеттин ичинен 78-орун; Окуучуларды баалоо боюнча эл аралык программа (PISA) – 65 өлкөнүн ичинен акыркы орун ж.б. [4]. Мындан тышкары, эл аралык, ошондой жергиликтүү эксперттик дискурста Кыргызстандын мамлекет катары түптөлүп кетишинен күмөн санаган пикирлер да байма-бай айтылып келүүдө. Мына ушундай жагдайда мамлекеттүүлүктү бекемдөө маселеси өлкөнүн күн тартибин аныктап турушу, биздин оюбузча, мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп саналат. Ушундан улам суроо туулат: бул фундаменталдуу маселени кантип чечүү керек?

Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен 2014-жыл “Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылы” деп жарыяланышы, мунун негизинде Өкмөттүн бир катар чечимдеринин кабыл алынышы учурдагы башкаруучу элитанын аталган маселеге олуттуу маани берип жаткандыгын кабарлайт. Беш жылдык жалпы өнүгүү багыттарын аныктаган “2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында” [2], ошондой эле “Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясында” мамлекеттүүлүктү бекемдөө маселесине өзгөчө маани берилген. Айрыкча, мамлекеттүүлүктү бекемдөөгө этностук таандыктыкты эмес, жалпы жарандык иденттүүлүктү, ар бир инсанда “Кыргыз жараны” деген атуулдук түшүнүктү калыптандыруу аркылуу жетишүү башкы милдеттердин бири катары айкындалган [3]. Бул өтө жүйөлүү концепция жана толук колдоого татыктуу. Жарандык-мамлекеттик иденттүүлүктү кура албаган өлкөлөрдүн келечеги бүдөмүк экендигин дүйнөлүк тажрыйба дагы улам-улам тастыктап жаткандыгына өзүбүз күбө болуудабыз.

Демек, расмий дискурста жарандык иденттүүлүктү жаратуу кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөнүн иштиктүү жолдорунун бир катары аныкталды. Бирок, учурда бул стратегиялык документтердин чегинде аталган маселенин тышкы контурлары гана белгиленди. Эми бул феномендин (процесстин) ички мазмунун изилдөө, табиятын талдоо, иштөө механизмдерин айкындоо, мунун негизинде тиешелүү мамлекеттик саясатка көмөктөшүүчү жолжоболорду, сунуштарды иштеп чыгуу вазийпасы алдыда турат. Бул жалпы улуттук маселени чечүүгө башка эксперттер менен катар эле социологдордун да кошо турган салымы бар деп эсептейбиз. Андыктан биз ушул макаланын алкагында заманбап Кыргызстандагы жарандык-мамлекеттик иденттүүлүктүн табиятын, калыптануу көрөңгөсүн социоло-

гиялык өңүттөн изилдеп, тиешелүү тыянактарды чыгарууну көздөдүк. Тактап айтканда, жалпы жарандык идентүүлүктүн калыптануу, өсүп-өрчүү потенциалын жаш муундан издемекчибиз. Биздин пикирибизде, маселени ушундайча коюу, өз кезегинде, төмөнкү жагдайлар менен шартталып турат: 1) эгемендүүлүктүн тарыхында коомдук сахнага алгачкы жана толук кандуу постсоветтик муун чыкты; 2) советтик муундун ордун баса турган ири демографиялык топ катары заманбап жаштардын иденттүүлүктөрү келечекте чечүүчү ролду ойнойт, социумдун өнүгүү багытын аныктайт, демек, ал процесстерди изилдөө, б.а. социалдык иденттүүлүктөр портфелин аныктоо – мезгилдин талабы; 3) жаңы муундун жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу процессиндеги көрөңгөсүн (потенциалын) көрө билүү – мамлекеттүүлүктүн болочогун көрө билүүнү түшүндүрөт; 4) жогоруда белгиленген “Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылы” тууралуу Президенттик жарлыкта дагы “мамлекеттүүлүктү жана элибиздин биримдигин бекемдөөгө айрыкча жаштарды тартуу” өзгөчө мааниге ээ экендиги айтылган.

***“Жарандык иденттүүлүк” түшүнүгүн колдонуу өзгөчөлүктөрү жана изилдөө методологиясы.*** Социологиялык талдоого киришерден мурда, түйүндүү түшүнүктөрдү тактап алганыбыз максатка ылайыктуу. Социология илиминде “иденттүүлүк” деп инсандын, инсандар жамаатынын тигил же бул социалдык топко өзүн таандык кылуу аркылуу коомдук мейкиндиктеги ордун (кимдигин) аныкташын түшүнөбүз. Ал эми жарандын белгилүү бир мамлекеттин чегинде өзүнүн кимдигин аныктоодо колдонулуучу өзөктүү түшүнүктөр – бул “жарандык иденттүүлүк”, “мамлекеттик иденттүүлүк” жана “улуттук иденттүүлүк”. Бирок акыркы терминди интерпретациялоодо айрым карама-каршылыктар бар. Ал, биринчиден, аны орус тилинен (“нация”, “национальная”) которууда келип чыгат. Ал эми улут деп биз кыргыз тилинде улуттук, б.а. этностук белгини түшүнүп жүрөбүз (мисалы, кыргыз улуту, өзбек улуту). Бул көбүнесе биздин илимде сакталып келаткан “советтик” салтка байланыштуу. Дегенибиз, бул түшүнүктүн генезиси “нация” (англис тилинде “nation” – нация, эл, мамлекет) түшүнүгүнө барып такалат. Ал эми “нация” батышта такыр башка мааниде колдонулуп, негизинен мамлекетке байланыштуу жана этностон жогорку даражада турган жарандардын саясий биримдигин (иденттүүлүгүн) билдирет. Мисалы, америкалыктар нациясы. Тарыхый шарттарга жана үстөмдүк кылган марксизм-ленинизм окуусуна байланыштуу, советтик коомдук илимдерде 1960-жылдардан тартып “этнос” түшүнүгү “нация” түшүнүгү менен алмаштырылган [5, 58]. Ошондон бери советтик илимий дискурста “нация”, жана “улут” түшүнүктөрү эквиваленттүү болуп келген. Андыктан биз “улуттук” иденттүүлүк тууралуу кеп кылганда, анын мазмунун таамай чагылдыруу максатында “этно-улуттук иденттүүлүк” (б.а. этностук иденттүүлүк) түшүнүгүн колдонгонубуз орундуу болот деп эсептейбиз.

Эми бул макаланын алкагында талдоого алына турган өзөктүү категория – “жарандык иденттүүлүктүн” мазмундук табиятына көңүл бурсак. Биринчиден, инсан бир эле мезгилде бир нече иденттүүлүккө ээ болот. Экинчиден, ал жеке инсандык деңгээл менен катар эле кеңири жамааттар деңгээлинде, б.а. социалдык иденттүүлүктөр форматында калыптанышы мүмкүн. Ал эми “социалдык иденттүүлүк” деп адамдын тигил же бул социалдык түзүлүштөргө, мисалы, улутка, класска, жыныстык, кесиптик, курактык ж.б. топторго таандыктыгын аңдап сезишин атайбыз. Таандыктык сезиминин пайда болушу топко тиешелүү ченемдерди, социалдык ролдорду, баалуулуктарды, жүрүм-турум үлгүлөрүн өздөштүрүү аркылуу ишке ашат. Мунун натыйжасында адам өзүн белгилүү бир топтун (өз учурунда топ конкреттүү же элестүү болушу мүмкүн) мүчөсү катары сезет. Бул жүрүш иденттешүү деп аталат. Иденттешүү өзүнө түрдүү коомдук түзүмдөрдү, маселен үй-бүлөдөн тартып геосаясий түзүлүштөргө чейин камтышы ыктымал. Натыйжада иденттешүү процесси тигил же бул социалдык иденттүүлүктүн түрүн жаратат. Үчүнчүдөн, социалдык иденттүүлүктөр башаламан эмес, тескерисинче инсандын аң-сезиминде тартипке келтирилген тутум иретинде иштейт. Тутумда социалдык иденттүүлүктөр иерархиялык катарга, башкача айтканда даражасына жараша жайгашат. Бул даража шатысы заманга, коомдо орун алган конкреттүү жагдайга карата өзгөрүп турат. Маселен, “жалпы жарандык иденттүүлүк бошоңдогон шарттарда, инсандын аңсезиминде аймактык, диндик же этностук иденттүүлүк үстөмдүк кылышы мүмкүн” [1, 49].

Жарандык иденттүүлүк өлкөнүн, коомдун ички биримдигин, территориялык бүтүндүгүн жана мамлекеттин туруктуулугун камсыздаган өтө маанилүү фактор десек жаңылышпайбыз. Үстүртөн караганда “жарандык иденттүүлүк” – бул өлкөнүн жарандары менен өзүн айкалыштыруу, таандык кылуу, эмоциялык-психологиялык деңгээлдеги байланышты сезүү, мамлекеттин, социумдун кызыкчылыктарын тең бөлүшүү менен шартталган социалдык багыт (аттитюд) деп түшүндүрсөк болот. Бирок, биз эмпирикалык талдоо үчүн аталган түшүнүктүн жана феномендин табиятын дагы тереңдетип карашыбыз абзел. Ушул максатта түзүмдүк операционалдаштыруу аркылуу, б.а. жарандык иденттүүлүктү түзгөн компоненттерди жана аларды калыптандыруучу факторлорду ажыратып көрсөтүү менен бул феноменди өлчөө индикаторлорун табууга аракеттендик. Бул логикалык талдоонун жыйынтыктары төмөнкү схемада чагылдырылган.

*“Жарандык иденттүүлүк” түшүнүгүн операционалдаштыруу*




Албетте, жогоруда келтирилген операционалдаштыруу (эмпирикалык индикаторлорду табуу) схемасы жарандык иденттүүлүктүн табиятын толук чагылдырат дегенден алыспыз. Анткени ушул өңүттөгү логикалык анализди мындан ары дагы тереңдетүүгө болот. Ошентсе да, биз аталган эмпирикалык индикаторлор топтомун, макаланын башында белгиленгендей эле, кыргызстандык жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө колдонобуз.

***Жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү жана аны калыптандыруу көрөңгөсү.*** 2014-жылы республикалык масштабда жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары макаланын эмпирикалык негизи катары пайдаланылды. Тактай кетсек, бул изилдөө Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин социология бөлүмүнүн базасында, автордун тикелей катышуусу менен ишке ашырылган. Баштапкы маалыматтар индивидуалдык стандартташтырылган интервью (баарлашуу) ыкмасы аркылуу чогултулуп, анын алкагында Кыргыз Республикасынын жети облусунан жалпы 2000 адам сурамжыланган. Изилдөөнүн тандамасына ылайык, респонденттердин аймактык бөлүнүшү төмөнкүдөй болгон: Баткен – 158 адам; Ош облусу жана Ош ш. – 495 адам; Жалал-Абад – 370 адам; Нарын – 90 адам; Ысык-Көл – 160; Талас – 79 адам; Чүй – 308 адам; Бишкек ш. – 340 адам. Ал эми биз талдоого ала турган 14-28 курактагы “жаштар” категориясы изилденген массивдин 43,1% же 861 адамды түзгөн. Респонденттер башка социалдык-демографиялык белгилерине жараша төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн: эркек - 48,2%, аял – 51,8%; 14-17 жаш – 24,2%, 18-23 жаш – 41,1%, 24-28 жаш – 34,7%; кыргыздар – 73,1%, орустар – 5,9%, өзбектер – 12,7%; башка этностор – 8,4%; шаардыктар – 30,4%, айылдыктар – 69,5%.

Аталган социологиялык изилдөөнүн алкагында респонденттердин жалпы иденттүүлүк портфелин аныктоого багытталган *“Сиз өзүңүздү биринчи кезекте ким деп эсептейсиз?”* деген суроо берилген эле. Алынган жооптор төмөнкү, 1-диаграммада таасын чагылдырылат.

*1-диаграмма. Жаш кыргызстандыктардын социалдык иденттүүлүктөр тутуму*




Жаштардын аң-сезиминде жарандык иденттүүлүктүн үстөмдүк кылганы дароо эле байкалат. Себеби сурамжылангандардын басымдуу үлүшү (61,2%) өзүн биринчи кезекте "Кыргызстандын жаранымын" деп белгилеген (1-диаграмманы караңыз). Эми ушул жагдайды респонденттердин социалдык-демографиялык белгилерине ылайык тереңдетип карап көрсөк. Жаштардын жарандык иденттүүлүгүнө алардын этностук, аймактык жана курактык белгилери аркылуу сереп салууда айрым өзгөчөлүктөр белгилүү болду. Атап айтканда, жарандык иденттүүлүктүн эң эле жогорку деңгээли аймактардын ичинен нарындыктарга мүнөздүү болуп чыкты (86,8%). Ал эми этностук өлчөмдө алганда максималдуу көрсөткүч кыргыздарга таандык (64,2%) болсо, курактык когорталардын ичинен 14-17 жаштагыларга тиешелүү болду (66,3%).

Биз жарандык иденттүүлүктүн орду жаштардын аң-сезиминде бараандуу экендигине ынандык. Бирок бул феномендин ички мазмунун тереңдетип ачуу максатында биз буга чейин аныктаган эмпирикалык индикаторлор аркылуу талдоону улантсак. Сурамжылоо барагында ушул багыттагы бир нече суроолор камтылган болчу. Кыргызстандын жараны болгондугума "толук сыймыктанам деп айта алам" деген пикирди сурамжылангандардын ичинен кыргыз жаштары гана ишенимдүү билдиришкен. Бөлөк этностук топтордун өкүлдөрүнүн "толук сыймыктануу" деңгээли 40 пайыздан ашпайт. Алардын олуттуу көлөмүнүн пикири "сыймыктанам деп айтсам болот" деген көрсөткүчтүн тегерегинде топтолгон. Ал эми "сыймыктанам деп айтуу кыйын" деп белгилегендердин арасында орус жаштары эки эсе салмактуулук кылат.

Изилдөөнүн соңку суроосу респонденттердин өзүнүн жарандыгы үчүн сыймыктанганынын же сыймыктанбаганынын себептерин аныктады. Алынган жоопторго ылайык, жаштардын эң эле күчтүү жарандык сыймыктануусун жараткандардын катарында "кыргыз тили" (50,0%), "кыргыз элинин улуттук маданияты" (40,7%) жана "кооз жаратылышы" (52,2%) болсо, ушундай эле уялуу сезимин "кыргыз тилинин Кыргызстанда татыктуу орун ээлебегендиги" (42,6%), "кен байлыктарынын чет элдиктерге гана пайдасы тийип жатканы" (36,6%), "аш-тойлордогу ашыкча ысырапкорчулук" (32,7%) туудурган. Мындан сырткары, жаштардын дээрлик 30 пайыздан ашыгы "учурдагы саясий элитанын ач көздүгү" жана "чек аралардын такталбай жатканы" сыймыктандырбай турган маселе экенин белгилешкен.

Жарандык иденттүүлүк тууралуу сөздү улантып жатып, заманбап жаштар ушул "Кыргыз Республикасынын жараны" деген түшүнүккө кандай маанимаңызды камтый тургандыгы жөнүндө табигый суроо туулат. Изилдөөдөн алынган көрсөткүчтөргө ылайык, жаштар үчүн жаран болууну аныктоочу негизги маркерлер катары эң оболу "өз Мекенине ээ болуу", "эркин жашоо мүмкүнчүлүгү" жана "паспортко ээ болуу" мүнөздүү болуп чыкты.

***1-таблица. “Кыргыз Республикасынын жараны” деген Сиз үчүн эмнени билдирет?”***

| | Жалпы жаштар | Улуту боюнча | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | *Кыргыз* | *Орус* | *Өзбек* | *Башка* |
| Өз мекенине ээ болуу | ***63,6%*** | 65,7% | 58,8% | 55,6% | 61,1% |
| Паспортко ээ болуу | ***44,3%*** | 44,6% | 51,0% | 49,1% | 30,6% |
| Эркин жашоо мүмкүнчүлүгү | ***47,3%*** | 44,9% | 52,9% | 51,9% | 56,9% |
| Шайлоолорго (референдумдарга) катышуу | ***17,3%*** | 16,1% | 23,5% | 20,4% | 18,1% |
| Бийликти колдоо | ***8,2%*** | 6,7% | 13,7% | 9,3% | 15,3% |
| Өлкөнүн тарыхын, салтын, маданиятын билүү | ***36,9%*** | 39,9% | 31,4% | 23,1% | 34,7% |
| Кыргыз тилин билүү | ***40,6%*** | 47,1% | 15,7% | 25,0% | 25,0% |

Жаран түшүнүгүн кабылдоодо этностор жана аймактар аралык айрым өзгөчөлүктөр орун алганын көрүүгө болот. Маселен, кыргыз жаштары бөлөк этностук топторго караганда “кыргыз тилин билүү” маркерин дээрлик эки эсеге көп белгилешкен. Мындан тышкары, берилиштерди аймактык өңүттө тереңдетип талдоо баткендик жаштар үчүн “өз Мекенине ээ болуу” критерийи башка облустарга салыштырмалуу алда канча жогору турарын айкындады. Тактап айтканда, эгерде калган облустар боюнча бул критерийдин пайыздык үлүшү 60тын тегерегинде болсо, Баткен дубанында 76,4 пайызга барабар.

Мекен түшүнүгү жарандык-мамлекеттик иденттүүлүк үчүн аныктоочу фактор экендиги анык. Дегеле кичи социалдык топтордун деңгээлинен жогору коюлган, мамлекеттик даражадагы бирдейликти камсыздоонун марасы – бул жалпыга таандык “Мекен” категориясын жаратуу, аны жалпы жарандардын акыл-эсинен жана жүрөгүн түнөк таптыруу эмеспи. Изилдөөнүн кийинки жыйынтыктары бул жагдайдын оң жагына оодарылганын айгинеледи. Дегенибиз, *“Кыргызстанды өзүңүздүн Мекениңиз деп эсептейсизби?”* деп узатылган суроого сурамжыланган жаштардын дээрлик 90 пайыздан ашыгы “Кыргызстанды өз Мекеним деп эсептейм” деп жооп беришкен. Бул бийик көрсөткүч респонденттердин улуту жана аймактар боюнча бир аз өзгөрүүгө дуушар болбосо, негизинен өзүнүн жогорку деңгээлин (90% тегерегинде) сактап калган. Алсак, ушул эле суроонун “кээде өзүмдү мейман катары сезип кетем” деген пунктун көбүрөөк Ысык-Көл (11,1%) жана Чүй (10,6%) облустарында белгилешкен. Калган дубандарда бул көрсөткүчтүн үлүшү 8 пайыздан ашкан эмес.

Жарандык иденттүүлүк категориясы “мамлекеттик иденттүүлүк” менен тыгыз чек аралык байланышта. Мына ошондуктан, жарандык иденттүүлүктү тереңдетип талдоо үчүн инсандардын негизги социалдык-саясий институт – мамлекет менен алкасына назар салуу зарыл. Биринчи кезекте, мамлекеттин кыр аркасын түзгөн коомдук жана саясий институттарга карата жарандардын ишеним деңгээли маанилүү орунга ээ. Ушул өңүттөн, эмпирикалык маалыматтарга таянып, биздин өлкөнүн жаш жарандарынын ишеним “ресурсун” өлчөп көргөн элек (2-таблицаны караңыз).

***2-таблица. “Сиз төмөндө көрсөтүлгөн коомдук жана саясий институттарга кандай деңгээлде ишенесиз”***

| | *толук ишенем* | *жарым-жартылай ишенем* | *такыр ишенбейм* | *жооп жок* |
|---|---|---|---|---|
| Президент | 23,5 | 48,2 | 27,5 | 0,8 |
| Парламент (Жогорку Кеңеш) | 7,8 | 52,1 | **38,6** | 1,5 |
| Өкмөт (министрликтер, комитеттер, агенттиктер) | 9,3 | 52,6 | **36,1** | 2,0 |
| Жергиликтүү бийлик (айыл өкмөтү, райондук администрация, губернатор) | 18,6 | 54,9 | 25,2 | 1,3 |
| Сот түзүмү | 13,0 | 44,6 | **41,0** | 1,4 |
| Милиция | 12,2 | 48,3 | **38,3** | 1,2 |
| Прокуратура | 14,2 | 49,0 | **35,8** | 1,0 |
| Улуттук коопсуздук кызматы (ГКНБ) | 22,5 | 51,8 | 24,2 | 1,5 |
| Куралдуу күчтөр (армия) | **35,2** | 44,3 | 19,3 | 1,3 |
| Саясий партиялар | 6,5 | 43,0 | **48,5** | 2,0 |
| Бейөкмөт уюмдар (НПО) | 12,5 | 49,8 | **35,7** | 2,0 |
| Эл аралык уюмдар (донорлор) | 23,1 | 49,5 | 25,1 | 2,3 |
| Жергиликтүү лидерлер | 22,4 | 48,5 | 26,1 | 2,9 |
| Жалпыга маалымдоо каражаттары (телевидение, радио, газета, интернет) | 24,7 | 58,2 | 15,8 | 1,3 |
| Диний уюмдар (муфтият, мечит, чиркөө ж.б.) | **43,0** | 40,1 | 15,2 | 1,7 |

Социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары мамлекет менен жаш жумурияттын социалдык карым-катнаштарында орун алган ишеним "дефицитин" оркойтуп көргөзүп койду. Өзгөчө төмөнкү ишеним деңгээли эл өкүлдөрүнө, Өкмөткө жана укук органдарына карата байкалат. Жарандык коомдун институттары – саясий партиялар жана бейөкмөт уюмдар да олуттуу ишеним дефицитин жараткандардын катарын толуктады. Албетте, мындай шарттарда инсан өзүнүн жакынкы тегерегинен, биринчи кезекте үй-бүлөсүнөн колдоо издегени мыйзам ченемдүү көрүнүш. Түзүлгөн ишеним тактасындагы диний уюмдардын орду шынаа каккандай жалпы жагдайды "жара бөлүп", өзгөчөлөнүп тургары көңүлдү бурат. Жаштар Президент, Өкмөт жана Парламентке эмес, муфтиятка жана мечиттин таасирине дээрлик төрт эсе көбүрөөк ишенет.

Респонденттердин бул ишеним тутумун этностук жана аймактык белгилер призмасы аркылуу ажыратып көргөндө бир катар тенденциялар жарыкка чыкты. Маселен, Президент институтунун ишеним ресурсу Ысык-Көл, Нарын дубандарында салыштырмалуу жогору болсо ("толук ишенгендердин" үлүшү 40% тегерегинде), ал эми түштүк облустарында "толук ишенгендердин" көлөмү болжол менен 20-30 пайыздын аралыгын түзөт. Эң эле төмөнкү ишеним деңгээли Бишкек шаарынын жана Ош облусунун жаштарына мүнөздүү ("толук ишенем" дегендердин үлүшү 15-18%). Парламентке жана Өкмөткө толук ишенген улан-кыздардын үлүшү бардык облустар боюнча 10 пайыздан, ал эми саясий партиялардын көрсөткүчү 6 пайыздан ашпайт.

Тескерисинче, диний институттардын ишеним даражасы дубандардын кесиминде алганда туруктуу жогорку көрсөткүчтү сактайт. Жалпы облустар боюнча ишеним базасы 50 пайызга чейин болсо, булардын ичинен эң эле максималдуу пайыздык катыштар Ош, Баткен жана Чүйдө катталган. Ал эми жаштардын курактык когорталарынын алкагында серептөө 14-17 жаштагылар өздөрүнүн улуу өкүлдөрүнө (24-28 жаштагыларга) караганда диний институттарга дээрлик бир жарым эсеге көбүрөөк ишеним артарын ачыктады. Ушуга эле карама-каршы тенденция көрсөткүчтөрдү билим деңгээли боюнча салыштырып талдоодо байкалды: жаштардын билим деңгээлинин жогорулашы менен диний уюмдарга ишеним даражасы төмөндөгөн. Тактап айтканда, диний институттарга "толук ишенем" деп орто билимдүү улан-кыздардын орто эсеп менен 50 пайызга чукулу белгилесе, жогорку билимдүүлөрдүн арасында бул көрсөткүч 35% түзгөн. Ошондой эле айылдык жаштардын шаардык теңтуштарына караганда аталган институтка болгон ишеними басымдуураак.

Мына ушундай ишеним таңсыктыгынын шарттарында жаштар канчалык даражада мамлекеттик кызыкчылыктардын атынан аракеттерге барууга даяр болду экен? Деги эле буларда мекенчилдик сезими барбы? Кыргызстан жаштар үчүн кандай мааниге ээ? Бул сыяктуу талылуу суроолорго жооп табуу, демек, жаш муундун жарандык иденттүүлүгүнүн көрөңгөсүн, башкача айтканда иденттүүлүктүн бул жогорку деңгээлин калыптандырууга мүмкүнчүлүктөрүн көрө билүү дегенди билдирет. Бул ойдун учугун улай турган бир нече суроолордун жоопторун талдап көрсөк. Сурамжылоонун жүрүшүндө респонденттерге *"Эгерде зарыл жагдай түзүлсө Кыргызстан мамлекетинин кызыкчылыгы үчүн жеке кызыкчылыктарыңызды курмандыкка чалууга даярсызбы?"* деген суроо сунушталган эле. Берилген жооптор сурамжыланган массивди эки тең-тайлаш топко жарды: жаштардын 43,2% "ооба, даярмын" десе, 45,9% "жагдайга жараша аракеттенмекмин" деп белгилеген. Ошол эле маалда респонденттердин 8,1% "жок даяр эмесмин" деп кесе айтса, 1,3% жооп берген эмес. Ушул суроого алынган жоопторду үңүлүп карап көрүп, жаштардын ар кыл катмарларынын пикирлери бири-бирине шайкеш келбей тургандыгын ырастадык. Маселен, жигиттердин (51,5%) кыздарга караганда (36,2%), ошондой эле айылдык жаштардын (47,0%) шаардык теңтуштарына (35,9%) караганда кызыкчылыктарын мамлекет үчүн курмандыкка чалууга алда канча көбүрөөк даяр экени маалым болду. Мындан сырткары, күчтүү альтруисттик маанай салыштырмалуу түштүк дубандарына көбүрөөк мүнөздүү: Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарында "даярмын" деп орточо эсеп менен жаштардын 50 пайызы жооп берсе, түндүк аймактарындагы алардын замандаштарынын орточо эсеп менен 34 пайызы гана даярдыгын билдирген. Ошондой эле, жаштардын билим деңгээли жогорулаган сайын альтруисттик маанай төмөндөгөнү байкалат. Дегенибиз, жеке кызыкчылыгын мамлекеттин кызыкчылыгына алмаштырганга даярбыз деп орто билимдүү улан-кыздардын орточо эсеп менен 49 пайызы белгилесе, жогорку билимдүүлөрдүн ичинен ушундай эле эсеп менен 38 пайызы гана даярдыгын айтышкан. Этноулуттук критерий боюнча алганда, орус жаштарынын альтруизми кыйла төмөн экендиги айкындалды. Мисалы, кыргыз уул-кыздарынын аталган суроого "ооба, даярмын" деп 47,8% жооп берсе, бул көрсөткүч орустарда 13,7% гана барабар болду. Ал эми өзбектердин (39,4%) жана башка этностордун (34,3%) өкүлдөрүнүн мамлекеттик альтруизм деңгээлин салыштырмалуу "орто" деп баалап кетсек болчудай.

Буга чейин жүргүзүлүп келген социологиялык талдоонун чегинде биз жарандуулук жана жарандык иденттүүлүктүн көп кырдуу феномен экенине, ошондой эле алар бир катар факторлордун таасири астында аракетке келерине ынана алдык. Эми ушул мамлекеттин жараны деген категориянын калыптанышына эмнелер көбүрөөк таасир этери жөнүндө жаштардын субъективдүү (жеке) пикирине көңүл бурсак. Ал төмөнкү, 3-диаграммада берилген.

*3-диаграмма. "Мамлекеттин жараны катары сезишиңизге эмне көбүрөөк таасирин тийгизет?"*




Бул жерден дагы жаштардын жакынкы чөйрөсү – үй-бүлөнүн бийик даражасын байкай алдык. Аны менен катар маданияттын орду да жогору. Эгерде үй-бүлөнү маданий баалуулуктарды, каада-салт ченемдерин, деги эле жашоо стратегиясын жаңы муунга өткөрүп бере турган башкы канал деп эсептесек, анда бул жагдай түшүнүктүү болот. Коомдук өлчөмдөгү институттардын – ММК, мектеп, идеология, коомдук пикирдин жарандык касиеттерди калыптандыруудагы ролуна улан-кыздар тарабынан пас баа берилген. Көрсөткүчтөрдү тереңдетип талдоо учурунда, бул пикирдик ситуациянын айрым өзгөчөлүктөрү табылды. Маселен, респонденттердин курактык көрсөткүчтөрү (14 жаштан 29 жашты көздөй) жогорулаган сайын "идеологиянын", "маданият, каада-салттардын" жана "ММКнын" жарандык сезимди пайда кылуудагы мааниси өскөнү даана байкалат. Тескерисинче, жаш когорталарда (14-17 жаш) "мектептин" жана "үй-бүлө" тарбиясынын орду зор. Ошондой эле, жогорку билимдүү жаштар "маданият, каада салттардын" маанисин төмөнкү билимдүүлөргө караганда жогору коюшат.

*4-диаграмма. "Кыргызстан келечекте кандай өлкөгө айланат деп ойлойсуз?"*




Социологиялык көрсөткүчтөр жаш муундун Кыргызстандын келечегине карата көз караштары өзүнүн жалпы багыты боюнча улуу муундун позициясы менен шайкеш келээрин көрсөттү. Бул жалпы багыт эмнени түшүндүрөт? 4-диаграммадан көрүп тургандай, жаштардын пикиринде өлкөнүн кыска мөөнөттөгү келечеги узак мөөнөткө салыштырмалуу пессимисттик мүнөзгө ээ. Сурамжылангандардын басымдуу үлүшү жакынкы беш жылдан кийин Кыргызстандын "өнүгүшүнөн күмөн санап", "абал азыркыдай эле каларын" белгилешкен. Тескерисинче, улан-кыздар узак мөөнөттүү перспективага оптимисттик маанай менен көз чаптырышкан. Башкача айтканда, изилденген массивдин жарымынын көбү 10 жылдан кийин Кыргызстан "өнүккөн өлкөгө айланат" деген ишенимдүү пикирин билдиришкен. Кыязы, келечекке карата мындай маанайдын орун алышы көбүнесе жаштар жана мамлекеттин ортосунда келип чыккан олуттуу ишеним дефицитине байланыштуу болушу толук ыктымал. Мына ошондуктан жаштар өлкөнүн жаркын келечегин учурдагы саясий чындык менен байланыштырбай, оптимисттик үмүттөрүн алыскы перспективага артып жаткандай туюлат.

***Тыянактар.*** Кыргызстандык жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн табиятын теориялык-эмпирикалык өңүттөн изилдөөнүн алкагында жүзөгө ашырылган социологиялык талдоонун негизинде төмөнкүдөй тыянактарга келдик:

- жаштардын жалпы иденттүүлүк матрицасында жарандык иденттүүлүк бөлөк иденттүүлүктөргө караганда үстөмдүүлүккө ээ. Өзүн "Кыргыз Республикасынын жараны" катары жаштардын үчтөн эки бөлүгү, ал эми Кыргызстанды "өз Мекеним" деп сурамжыланган он адамдын ичинен тогузу эсептейт;
- жарандык иденттүүлүк монолиттүү эмес жана анын деңгээли жаштардын социалдык-демографиялык параметрлерине, өзгөчө этностук таандыктыгына жараша өзгөчөлүктөргө ээ. Ал төмөн-

кү индикаторлордо камтылган: 1)жарандык иденттүүлүккө байланыштуу позитивдүү эмоциялык сезимдер (мисалы, Кыргызстандын жараны болгондугу менен сыймыктануу) бөлөк этносторго салыштырмалуу кыргыз жаштарына дээрлик эки эсеге көбүрөөк мүнөздүү; 2) кыргыз жаштарынын төрттөн үчү (же ар бир он адамдын ичинен сегизи) "аскерде кызмат өтөө – ыйык жарандык милдет" деп эсептесе, мындай пикирди башка этностордун өкүлдөрүнүн (орус, өзбек ж.б.) эки эсе аз үлүшү карманат;

- жарандык иденттүүлүктү башкы социалдык багыттагыч катары жаштардын басымдуу үлүшү декларациялаганы менен бул феномендин практикалык жагы, б.а. жарандуулуктун жүзөгө ашырылышы жаштар арасында тилектештикти жаратпайт. Маселен, жаш жарандардын коомдук жашоого катышуу деңгээли төмөн – үчтөн бир бөлүгү гана жигердүү аралашат жана улан-кыздардын ушундай эле үлүшү "Кыргызстан мамлекетинин кызыкчылыгы үчүн жеке кызыкчылыктарын курмандыкка чалууга даяр";
- жаш муун үчүн (субъективдүү пикирге ылайык) "Кыргыз Республикасынын жараны" деген түшүнүк өзүнө эң ириде "өз Мекенине ээ болууну", "эркин жашоо мүмкүнчүлүгүн" жана "паспортко ээ болууну" камтыйт. Ал эми "мамлекеттин жараны" катары сезимдердин калыптанышына биринчи кезекте "үй-бүлө тарбиясы" таасир этерин респонденттердин басымдуу үлүшү белгилеген. Ошол эле мезгилде, жетилген жаштар (24-28) кенже курактагыларга, ал эми жогорку билимдүүлөр орто билимдүүлөргө салыштырмалуу башка социалдык институттардын – "идеологиянын", "маданият, каада-салттардын" жана "массалык маалымат каражаттарынын" жарандык сезимди пайда кылуудагы маанисине жогорураак баа беришкен;
- коомдук институттардын жарандык сапаттарды калыптандыруудагы пас орду аларга карата ишеним таңсыктыгына байланыштуу деп божомолдоого болот. Айрыкча, жалпы жарандык иденттүүлүктү жарата турган бийлик институттарына (Президент, Өкмөт, Парламент, жергиликтүү башкаруу органдары) карата ишеним дефицити жаштардын турумушунда жакынкы социалдык чөйрөнүн жана локалдык деңгээлдеги иденттүүлүктөрдүн (маселен, үй-бүлөлүк, топтук, кесиптик, аймактык ж.б.), ошондой эле альтернативдүү вариант катары диний иденттүүлүктүн маанисин өстүрүп жаткандыгы тууралуу тыянакка келдик. Белгилей кетсек, диний түзүлүштөр (муфтият, мечит ж.б.) башка социалдык-саясий институттардын ичинен жаштардын эң жогорку ишеним деңгээлине татыган;
- жалпысынан жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн учурдагы абалынын бекемделиши жана мындан ары жогорку деңгээлде калыптанышы (өнүгүшү), демек, мамлекеттүүлүктү чыңдоо үчүн көрөңгө бар деп айтууга толук мүмкүн. Себеби жарандуулук менен тыгыз байланыштагы "Мекен" түшүнүгү, тагыраак айтканда Кыргызстанды өз Мекени катары эсептөө жана аны менен тыгыз байланыш сезимдери жаштар арасында күчтүү;
- заманбап жаш муун жакынкы беш жылдан аралыгындагы, б.а. 2020-жылга чейинки чукул перспективадагы Кыргызстандын келечегине пессимисттик маанайда карашат. Басымдуу пикирге ылайык, жаштар өлкөнүн өнүгүшүнөн күмөн санап, абал ушундай эле каларын белгилейт. Ошентсе да, узак мөөнөттүү келечекте, же болбосо он жылдан кийин, Кыргызстан мамлекетинин өнүгүп кетишине ишеним артышат.

***Адабияттар :***


1. *Дробижева Л.М.* Идентичность и этнические установки русских в своей и иноэтничной среде // Социологические исследования. 2010. № 12. – С.49-58.
2. *Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы.* URL: http://www.president.kg/files/ docs/krda_eldin_birimdigin_jana_etnostor_aralyik_mamilelerdi_chyindoo_kontseptsiyasyi.pdf (маалыматка кайрылуу күнү 22.03.2016.)
3. *Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы (2013-2017-жылдардын мезгилине).* URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/61542/ 20? cl=ky-kg&mode=tekst (маалыматка кайрылуу күнү 22.03.2016-ж.)
4. *Позиции Кыргызстана в международных индексах и рейтингах: динамика за 2005-2014 гг.* URL: http://www.nisi.kg/uploads/research_ph/research_2015/42_ rankings_report_14. pdf (материалга кайрылуу күнү 23.03.2016-ж.)
5. *Санина А.Г.* Формирование российской идентичности: гражданско-государственный подход // Социологические исследования. 2012. №12. – С.57-65.
6. Хантингтон С. Кто мы?: Вызовы американской национальной идентичности / С.Хантингтон; Пер. с англ. А.Башкирова. – М.:ООО "Изд-во АСТ", 2004. – 635 с.
7. *2014-жылды Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылы деп жарыялоо жөнүндө КР Президинтинин жарлыгы, 2014-жылдын 29-январы №17.* URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/61910/10?cl=ky-kg&mode=tekst (маалыматка кайрылуу күнү 23.03.2016-ж.)
8. КР Улуттук статистикалык комитети. Кыргыз Республикасындагы жаштар, 2009-2013. Статистикалык жыйнак. – Бишкек, 2014.


**Рецензент: к.социол.н., доцент Шадыманова Ж.**